№70 (3519)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума, 2023-жылдын 1-сентябры

www.erkin-too.kg



## КР Президенти Садыр ЖАПАРОВ:

# «БИР ТУУНУН АСТЫНА БИРИГИП, ӨНҮГҮҮГӨ БЕТ АЛГАН КАЛЫҢ ЖУРТКА АЙЛАНАЛЫ!»

**Урматтуу мекендештер!**

**Ордолуу Оштун уюткулуу улуу журту!**

**Урматтуу кыргызстандыктар жана кадырлуу меймандар!**

Бүгүн кыргызстандыктар үчүн, алыс-жакында жүргөн мекендештер үчүн улуу күн! 31-август – Кыргыз Республикасынын көз карандысыздык күнү!

Кылымдарды карытып келген улуу кыргыз журтчулугун Эгемендик күнү менен Кыргызстандын экинчи борбору атыккан, Сулайман тоосу, Ак-Буура дарыясы менен белгилүү болгон кадимки Улуу Жибек жолунун боюндагы кереметтүү Ош шаарынан куттуктап, сыймыктанып турам.

Баарыңыздарды Көз карандысыздык майрамы менен чын дилимден куттуктаймын! Ылайым, түндүгүн Күн нуру чайыган кызыл желегибиз ар дайым желбиреп турсун, туубуз жыгылбасын, асманыбыз ачык, жергебизде тынчтык болсун! Майрамыбыз кут болсун!

Эркиндиктин, азаттыктын добушун жаңырткан Эгемендик менен кызыл байрагыбыз бири-биринен ажырагыс бир бүтүндүктү туюндурат. 30 кылымдан ашуун тарыхында ата-бабаларыбыз дал ушул эркиндиги, эгемендиги үчүн канын төгүп, жанын берип күрөшүп, улуу дөөлөттөрдү куруп, Туусун бийик желбиретип, тарых баракларына “кыргыз” деген атты ташка тамга баскандай кылып калтырып кетишкен.

Кылкылдаган кызыл туусу менен куп жарашкан Эгемендик бизге ыйык сезим болуп калыптанып, бул ыйыктык муундан-муунга кан аркылуу өтүп, бүгүнкү күндө элибиз эркиндикти сүйгөн, калыстыкты туу туткан эл экенин эчен ирет далилдеди. Мына ошол эгемендигибиздин эң белгиси болгон кызыл байрагыбыз ата-бабаларыбыздын аманатын, келечек муун алдындагы милдеттерибизди ар дайым эскертип, каныбызды дүргүтүп, көөдөнүбүзгө дем-күч берип келет. Ошондуктан бүгүнкү күндө мекенчилмин деген ар бир кыргызстандык атуул өлкөбүздүн көз карандысыздыгын, мамлекетибиздин бүтүндүгүн, эли-журтубуздун ынтымагын коргоону ыйык милдет деп санайт.

Бүгүн биз байыркы мезгилдерден азыркы күнүбүзгө чейин мамлекеттин эгемендигинин эң тамгасына айланган кызыл туубузду дал ушул улуулукту, бийиктикти символдоштурган Сулайман тоонун астанасына 60 метр бийиктикке көкөлөтүп жатабыз.

Бир туунун астына башын бириктирген биримдиктүү элибиздин келечеги кең болсун! Байрагын бийик желбиретип, ынтымагын арттырып, өнүгүүгө бет алган калың журтка айланалы!

Дагы бир жолу Эгемендик майрамыңыздар менен чын дилимден куттуктаймын!

ЭГЕМЕНДҮҮ ӨЛКӨНҮН ЭКИ ЖЫЛЫ
www.erkin-too.kg



# ЖАРАТМАНДЫК

Өлкөбүз эгемендүү мамлекет болгонуна 32 жылдын жүзү болуп, ишке тойбогон жигиттик куракты башынан кечирип жатат. "Жаңылдым, жаздым" демекчи, мамлекет катары түптөлүү оңой болгон жок. Эми өткөн ишке салават. Президент Садыр Жапаров өлкө башчысы болуп иштей баштаган жылдардан берки жагын сөз кылалы. Анан эми терс көз карашка ууланган коомдун айрым катмарын бүгүнкү күндөгү өлкөдөгү позитивдүү жылыштары, социалдык-экономикалык реформалары жөнүндө айтып, ынандыруу өтө кыйын. Коомчулукта бийликке сын айтуу, жактырбоо мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошондой болсо азыркы бийликтин жасаган иштеринин агын "ак" дебейлиби.

Ачыгын айталы Садыр Жапаров өлкө башчылыгына өтө оор кырдаалда келди. "COVID-19" илдетинин кесепетинен дүйнөлүк экономикалык алакалар дээрлик токтоп, АКШ баш болгон жана Европа өлкөлөрүнүн Россияга болгон экономикалык санкцияларынын кесепети, албетте, биздин өлкөбүзгө бир топ кыйынчылыктарды жаратты. Акчасына чиренип, шайлоодо "өз өмүрүн кыйышкан" "Мекеним Кыргызстан" жана "Биримдик" партиялары коомду экиге бөлүп, саясий кырдаал олку-солку болуп турган. "Кыргызстан саясий-экономикалык туңгуюкка кептелет" деген көз ачыктар чыкты. Дүйнөлүк каржы уюмдары пессимисттүү божомолдорду айтып, өлкөнүн экономикалык жактан өнүгүүсүнө ишенимин жоготту. Мына ушундай шартта Садыр Жапаров оор жүктү жана эбегейсиз жоопкерчиликти моюнга алды.

Анан эмне болду? Эки жыл аралыгында саясий туруктуулук өкүм сүрдү. Бул бир. Экинчиден, коррупция менен күрөш күчөдү. Үчүнчүдөн, экономикалык өнүгүүгө артыкчылык бериле баштады. Сөздүн мөөрүгө келгенде, экономикалык өнүгүүгө өрүш алган жагдайлар тууралуу кеп курууну туура көрүп турамын.

"Чу" дегенде эле айта кетүүчү нерсе, азыркы бийлик мамлекеттик бюджетти толтурууда жаңы нерсе ойлоп тапкан жок. Тек гана мурдагы бийликтин учурунда ишке ашырылбай, сөз бойдон калган фискалдык саясатты иретке келтирип, жолго салып жатат. Акча-кредит саясатында макроэкономикалык туруктуулукту кармоого, улуттук валютанын туруктуулугун камсыздоого жана инфляцияны төмөндөтүүгө багытталган антикризистик иш-чаралар колго алынды. Мамлекеттик финансы институттарынын, тагыраагы, РСК Банктын Уставдык капиталы – 5,4 млрд сомго, Айыл Банк – 5,5 млрд сомго, Керемет Банк – 8,7 млрд сомго чейин көбөйтүлдү. Дыйкан-фермерлерге, ишкерлерге жеңилдетилген кредиттерди алууга жана жеткиликтүү турак жай менен камсыздоого шарт түзүлдү. Бул 30 жыл басып өткөн эгемендүү өлкөнүн экономикалык саясатында тышкы булактарга таянбай, ички ресурстарды толук кандуу туура иштетүүгө болгон аракети болчу. Мурдагы А.Акаев, К.Бакиевдин учурунда бизнес-инкубатор деген долбоорду бетине кармашып, жардамга муктаж жарандарга бирден торпок жетелеп барып экранда чыкканы эсибизде калды. Ага салыштырмалуу Министрлер Кабинетинин "Үй-бүлөгө көмөк" социалдык келишим иш-чарасы тез эле республиканын бардык аймагын камтып, эксперимент өзүнүн жемишин бере баштаганы байкалат. Кыскасы, баштагы жылдарда кайдыгерлик менен мамиле кылган ишчараларга "жан" кирди. Экономика ирдене баштады.

Муну тастыктай турган далилдер бар. Андан калса, цифра – өжөр факты деп коёт. Өткөн жылы эл аралык каржы институттары Кыргызстан ИДПсынын өсүүсү боюнча пессимисттүү божомолду билдиргени тууралуу жогоруда учкай айттым. Дүйнөлүк банк Кыргызстандын ИДПсы 2022-жылы 5%га кыскарат десе, МВФ – 0,9 %га араң өсөт деген. Ал эми Евразия өнүктүрүү банкы 1,1%га гана өсөрүн болжошкон. Министрлер Кабинетинин маалыматы боюнча өткөн жылы ИДП 6% өсүш берген экен. Эл аралык каржы уюмдары быйыл эмне деп жатышат? Назар салалы. МВФ жылдын башында Кыргызстандын экономикасынын өсүшү жылдын аягына чейин 3,5 пайыздын деңгээлинде болот деген божомолду айтышты. Евразиялык өнүктүрүү банкынын аналитиктери өлкөнүн ИДПсы 4,2 пайызга, Азия өнүгүү банкы 4,5 пайызга, Европанын реконструкция жана өнүгүү банкы 7 пайызга өсүш берет дешти. Бул эл аралык уюмдар алдабайт болуш керек. Дүйнөлүк экономикалык өнүгүүнүн темпи алсырап турган шартта жакшы көрүнүш эмеспи. Кыргыз Өкмөтү ИДПнын өсүшүн 4,5 пайыздын тегерегинде болорун убада кылышууда. Демек, экономикабыздын ирденип баратканына негиз бар.

Дагы бир кызык жагдай тууралуу сөз. Быйыл Евразия экономикалык комиссиясынын интеграция жана макроэкономика министри Сергей Глазьев Санкт-Петербург экономикалык форумунун (СПЭФ) алкагында Кыргызстан менен Орусиянын ишкер чөйрөсүнүн талкуусунда, Кыргызстандын аймагында көптөгөн алтын кендери жайгашканын, жөн гана баалуу металлды казып алуу жана сатуу, бизнестин келечектүү багыты эмес экенин айтып, анын пикири боюнча кыргыздын алтынына байланган сомду жаңы дүйнөлүк эсептешүү валютасы катары бекитүү алда канча акылга сыярлык деп билдирген. «Кыргызстан алтынга негизделген жаңы эсептик валютаны – алтын сомду жүгүртүүгө чыгарган биринчи өлкө боло алат» - деген дүйнөгө белгилүү экономист-окумуштуу министр. Глазьевдин айтымында, бул маселе БРИКС өлкөлөрүнүн лидерлеринин кезектеги жыйынында талкууланган тизмеге киргизилгенин айткан. Кимдир бирөө мындай сунушка күлүшү мүмкүн. Бирок, кыргыздын сомуна ишеним артылып жатпайбы.

Элибиз "Казанда болсо, чөмүчкө чыгат" демекчи, казынада акча бар үчүн өлкөдө ири долбоорлор ишке ашырылып жатат. Жол, темир жол, ГЭСтердин жана башка социалдык объектилердин курулушу мамлекеттин каражатына курулуп жатат. Быйыл эле 100 мектеп курулуп бүтөт экен. Өлкөдө бардык тармакта жылыш бар. Жумушчу күчү тартыш болуп, ишканалар курууучу, тигүүчүлөргө зар. Бул дагы болсо Президент Садыр Жапаровдун командасынын иш билгилигинин, кадр саясатындагы туруктуулуктун үзүрү. Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Салык кодексинин авторлорунун бири катары, экономиканы модернизациялоо жаатындагы илимге терең сугарылган эмгектерин практика жүзүндө ишке ашырып жатканы натыйжасын берип жаткандай.

Моюнга алалы, өлкөбүз эгемендүүлүккө жеткен 30 жылдын аралыгында ишке ашпаган долбоорлор жүзөгө ашып жатат. Президент Садыр Жапаровдун ЖАРАТМАНДЫК ишмердүүлүгү жемишин бере баштады. Эң башкысы, Өлкө башчысы элге жакын болуп, болгонун-болгондой айтып, коомчулукка ачык пикирин билдирип келет. Кыргызстан эл аралык саясий аренада дагы өзүнүн позициясына так. БУУнун алкагында Президент Жапаровдун экологияны коргоо боюнча бийик трибунадан айткан сунушун колдоп, 2022-жылдын 14-декабрындагы 77-сессиясында "Тоолорду туруктуу өнүктүрүү" резолюциясын кабыл алышкан. Кыргыз Республикасынын демилгеси менен бул резолюция 2023–2027-жылдарды "Тоолуу аймактарды өнүктүрүү боюнча аракеттердин беш жылдыгы" деп жарыяланып, добуш берүүсүз бир добуштан кабыл алынган Резолюцияга БУУнун 109 мүчө мамлекети авторлош катары кошулганын айта кетели. Ал эми Кыргызстанда "Жашыл мурас" өнөктүгү колго алынып, масштабдуу иштер башталды. "Жашыл" экономиканын эсебинен карыздарды жоюу боюнча сөз жүрө баштады. ШКУнун алкагында Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жолунун курулушун ишке киргизүү боюнча Президент Садыр Жапаров чечкиндүү позицияда турат. ЕАЭБге мүчө катары Кыргызстан экономикалык жактан алдыңкы көрсөткүчтөрдү камсыз кылып келүүдө.

Анан эми учуру келгенде айта кетүүчү нерсе, Ысык-Көлдөгү төрт пансионаттын Өзбекстанга 49 жылга ижарага берүүсү тууралуу билип-билбей "чачын" жулгандарга айтар сөз. Кыргызстан капиталисттик жолду тандап алганына 30 жылдан ашты. Рыноктун мыйзамдары пансионатты ижарага берүүгө каршы эмес. Керек болсо заман ошону талап кылап жатат. Италияда бир шаардагы турак жайларды 1 еврого сатып алууга койду эле эч ким алган жок. Анткени, сатып алгандан кийинки талабы катаал. Ошондуктан, пансионаттарды ижарага берүү менен өзүбүздүн шартыбызды койгонго ким каршы болуп жатат? Президент Садыр Жапаров талкаланып жок болуп кете жаздаган дагы 15 пансионатты 49 жылга ижарага берүү боюнча оюн билдирди. Алгыла, кожоюн болуп иштей бергиле. Бирок, Кыргыз мамлекетинин талабын так аткарыш керек. Сөздүн кыскасы ушундай.

Эгемендүүлүккө жеткенибиз – эрдигибиз. Мына ушул колубузга тийген эркиндиктин пайдубалын бекем куруп, түбөлүгүн түздөйлү. Сын айткандардын пикирин сыйлайлы. Ар бирибиз "элге болсун, эл арасында бизге болсун" деп тилейли. Эгемен өлкөбүз дүйнөдөгү гүлдөгөн мамлекеттердин сабына кошулушуна жардам берели. Анткени, Кыргызстан – сен жана мен!

**Эгемберди БЕКБАТЫРОВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

БААЛАНБАГАН БААТЫР
www.erkin-too.kg

### Легендарлуу Парламенттин депутаты Бегиш АМАТОВ:

# “ЭГЕМЕН ӨЛКӨ БОЛГОНУБУЗДА АКАЕВ ЭКӨӨБҮЗ БИРИ-БИРИБИЗДИ КУЧАКТАП КУТТУКТАГАНБЫЗ”



Кыргызстандын көз карандысыздыгынын декларациясы 1991-жылы 31-августта кабыл алынып калышынын башкы себепчиси, демилгечиси, каарманы – Бегиш Аматов. Ушул кишинин демилгеси менен көз карандысыздыктын декларациясы кабыл алынганын көпчүлүк биле бербейт. Бегиш Аматовдун эмгеги ушул күнгө чейин бааланбай келет. Ал тургай 31-август күнү майрамдык иш-чараларга конок катары чакырылбайт дагы. Аматов өзүнчө уникалдуу аалам. Мен Бегиш акени “Бааланбаган Баатыр” деп коём.

**— Бегиш аке, сиз Кыргызстан эгемендүү мамлекет болуш керек деп демилге көтөрүп, ошол демилге менен 1991-жылдын 31-август күнү көз карандысыздык кабыл алынган болчу. Көз карандысыз мамлекет болушубузга кимдин салымы канчалык болгонун ачыктап бербейсизби?**

— Демилгени мен көтөрүп, Жогорку Кеңештин жыйынына алып чыкканым ырас. 1991-жылы 18-августта Курманжан Датка энебиздин 180 жылдыгын белгилегенбиз. Тойго ажо Аскар Акаев баш болуп, республика боюнча делегаттар барды. Компартияда Аманбаев эле, ал дагы барган. Алайда 150 миң адам чогулуп, миң боз үй тигилген. Андай той өмүрү болбоптур. Мен ал кезде Ош облусунун обкомунда уюштуруу бөлүмүндө орун басар, Кыргыз ССРнин Жогорку Кеңешинин депутатымын. Эртеси эле ГКЧП башталды. Танктар көчөгө чыгып кеткен. Союздун президенти Горбачев Крымда Форосто экен. “Мен кызматтан кетейин” деген билдирүү да жасаган жок. Ельцин танктын үстүнө чыгып алып бакырып жүрөт. Эмне болуп кетет экен деп 10 күндөй карап олтурдук. Ошол убакта Өзбекстандын Андижан облусунун жетекчилери Ошко келишиптир. Баатыралы Сыдыков Ош облусуна жаңы эле губернатор болгон. Көрсө, өзбектер Баатыралы акени куттуктап келишкен экен. Конoктор менен губернатор өз кишилери болуп чай ичишиптир. Бийликтин баары акимге өткөн, бизде бийлик жок. Губернатордо иштеген Ноокаттык Ураим деген жолдошум бар эле. Өзүм Андижандан келгендер губернаторго кирип баратканын көргөм. Алдында бир аял чоң гүл көтөрүп, аркасында эки эркек киши кирген. Эртеси күнү Ураим экөөбүз түштөнүп, обкомдун аркасындагы бакта басып жүргөндө “Кечээ туугандар губернаторго келишиптир. Эмне деген сөз чыккан биле алдыңбы?” деп сурасам, “Келгендер менен бирге чай ичтим. Ошол жерде Ислам аке (Каримов) 1-сентябрда Орто Азияда биринчи болуп Өзбекстандын эгемендүүлүгүн жарыялайт экен” деди. Орто Азияда отурукташкан элдердин арасынан тарыхы бар эл бизбиз. Биринчи болуп биз көз карандысыз мамлекет болгонубузду жарыяласак туура болмок деп айттым. Ураим дагы колдоду. Анда Бишкекте көз карандысыздык боюнча сөз да жок болчу.

**— Биринчи идея өзбек туугандар келип кеткенден кийин пайда болуптур да?**

— Ошондой болду. Акаевдин 31-август күнү парламенттин сессиясын чакыруу боюнча Указы чыкты. Анда 4 маселе коюлуптур. Эгемендүүлүк боюнча сөз жок. ГКЧП маселесин карай турган болуптурбуз. Отузу күнү Бишкекке учуп келип, туура эле төрагабыз Медеткан Шеримкуловго кирип, 31-августка чакырыптырсыңар, мен келдим деп колумдагы Акаевдин Указын көргөздүм. Карала турган 4 маселе бар экен. Эгемендүү мамлекет болобуз деген сөз жок. Ошко Андижандын губернатору Баатыралы Сыдыковду куттуктаганы келип, чай ичкен жерде Өзбекстандын Олий Мажлиси 1-сентябрда жыйын өткөрүп, эгемендүүлүгүн жарыялай турганы жөнүндө сөз чыгыптыр. Биз деле көз карандысыз өлкө болгонубузду жарыялабайлыбы? 31-августта баарыбыз чогулганы жатабыз дедим. Медеткан Шеримкулов Ак үйдүн алтынчы кабатында олтурчу. Жетинчи кабатты колу менен 3-4 жолу көргөзүп, “Тигил билет” деди. Эмнеге бул кишинин добушу чыкпай, колу менен көрсөтүп жатат деп ойлондум. Көрсө, Аманбаев КГБда сурак берип жатыптыр. Өздөрү бирибирин аңдышып калышыптыр. Түшүндүм да, үка. Жетинчи кабатка чыксам 6-7 депутат Акаевге киребиз деп олтуруптур. Кезек күтүп олтурбай эле вице-президент Кузнецовго бардым. Ага да Шеримкуловго айтканды баарын айттым. “Башыңды оорутуп эмне кыласың? Биз 4 маселени карайбыз. Өзбекстан менен ишиң болбосун...” деди. Андан чыгып партиянын борбордук комитетине бардым. Ал жерде экинчи секретары бар экен. Биринчи секретары Аманбаев КГБда сурак берип жүрсө, алар “эмне болуп кетебиз?” деп араң эле олтурушуптур. Маанай түштү, сумкамды көтөрүп алып “Пишпек” мейманканасына бардым. Ошол жерде 1936-жылдагы СССРдин Конституциясы – курамындагы ар бир республикага Союздан чыгууга уруксат бере турганын жазып, эртеңки сессияга даярдадым. Эртең менен Ак үйгө келсем регистратурада Төлөгөн Касымбеков менен Камбаралы Бобулов экөө учурады. Учурушкандан кийин бири-бирибизден эмне болду деп сурашып жатабыз да. Андижандын чоңдору келип Баатыралы Сыдыковду куттуктаганын, 1-сентябрда Өзбекстан эгемендүүлүгүн жарыя кылганы жатканын, Шеримкуловго кирсем колу менен жетинчи кабатты көрсөткөнүн бүт айтып бердим да, кечинде жазган текстти көрсөттүм, ушуну күн тартибине бешинчи маселе кылып киргизгенге сунуш кылайын деп жатам десем, экөөсү тең “Эң туура, колдойбуз” деди. Колдойбуз деп коюп, мен микрофонго чыкканда кууп түшпөгүлө, Аматовду колу-бутуңар менен дүпүлдөтүп колдогула деп койдум. Сессия башталып, күн тартиби окулду. Менде сунуш бар дедим да микрофонго чыгып, текстти окуп, 31-августту Эгемендүүлүк күнү деп жарыялоону айттым. Акаев үн дебей отурду. Шеримкулов бешинчи маселе кылып киргизүү үчүн добушка койду. “Эң туура, күн тартибине киргизишибиз керек” деп залдан экөө-үчөө мени колдоду. Ошентип менин сунушум күн тартибине кирди.

**— Талкуу катуу болдубу?**

— Сессия башталганда эле биринчи эгемендиктен баштадык. 31-август күнү аябай күпүлдөдүк, талкуу катуу болду. Көз карандысыздык боюнча декларацияны жазуу үчүн жети кишиден турган катчылык шайланды. Анын бирөөсү өзүм болдум. Левитиндин кабинетине биринчи эле мени чакырып кетти. Барсам Левитин декларациянын текстин жазып олтуруптур. Мага окуп берди. Жакшы жазыптыр. “Макулсуңбу?” деди эле, макулмун дедим. “Жетөөндүн араңарда бир аял бар экен. Ошол окуп берсин” деген сунушуна да макул болдум. Ал аял Чолпон Баекова болчу. Чолпон текстти окуп берди. Ошону менен 1991-жылы 31-август күнү Эгемендик кабыл алынды. Түшкү тыныгууга чейин болчу, өзүм олтургам. Бир киши басып келди да “түшкү убакта Акаев сизди кабинетинде күтөт” деп айтып кетти. Төлөгөн Касымбеков айтсам, “Баргының, эгемендиктин датасын Акаев айтышы керек эле, сен айтып салдың. Акаев сенден карыз болду. Карызынан кутулат” деди. Түшкү убакта Акаевге бардым. Чоң столунан туруп мени көздөй жөнөдү, мен эшиктен аны көздөй жөнөдүм. Экөөбүз чоң бөлмөдө бирибирибизди кучактап куттуктадык. “Аябай жакшы болду” деп сүйүнүп алыптыр. Менден “Эмне жумуш кылып атасыз?” деп сурады, обкомдо иштеп аттым эле, ал жакты жаап келдим окшойт, деп жооп бердим. “Бирге иштейли. “Улуттук ээлик кылуучулар” фондун ачкандыз. Анын төрагасы Жалил Садыков деген жазуучу. Ага орун басар болуп иштеп берсеңиз” деди. Болуптур дедим. “Бишкекте үй-жай барбы?” деп сурады. Бишкекте кайдан үй-жай болот, партиянын иши менен жүрсөк десем, “ЦК чакан үй салган экен, ошол жерден кызматкерлерге берип жатабыз. Сиз да ошол жерден квартира аласыз” деди. Рахматты айттым, экөөбүз колду кысышып, мен чыгып кеттим. Ушуну менен Акаевге бир киришим менен жумушум, квартирам да чечилген. Азыр Эгемендүүлүк күнүн демилгелеп алып чыкканым үчүн Акаев берген квартирада олтурам.

**— Парламенттин төрагасы Шеримкуловдо кандай реакция болду?**

— Эч нерсе деген жок. Унчукпай олтурду. 1992-жылы Конституция кабыл алабыз деп комиссия түзүлдү. Акаев, анын орун басары Шеримкулов, губернаторлордун баары, кошоматчылары тизмелеп Конституциялык комиссиянын курамын бекиткенбиз. 25 киши Конституция жазды. Жазганын бизге сунуш кылышты. 350 депутат алардын жазганын карадык. Анда 150 депутат болот, анын жүзүн эл шайлайт, элүүсүн Акаев чөнтөгүнөн чыгарып Указы менен бекитет экен. Ал долбоорун талкаладык. Ошентип Акаев менен Шеримкуловдун сунуш кылган долбоорун өткөрбөй койдук. Акаев, Шеримкуловду баарын комиссиядан чыгарып, булар жарабайт деп чыктык. Акаев дароо эле чуркап чыгып “25 киши калсын, үстүнө дагы 25 киши кошкула” деди. Болбосо, аларды жараксыз десек Акаев президенттиктен, Шеримкулов парламент төрагалыгынан кетиши керек эле.

**— Кийин Акаев Эгемендүүлүк майрамын белгилегенде сизди чакырып жаттыбы?**

— Кайдан? Анын Конституциялык долбоорун талкалап, өзүн президенттиктен кетирип коё жаздасак мени чакырмак беле. Мен дагы каршы чыккандардын башында болгом. Ошондон кийин менин фамилиямды бир да жерде атаган жок.

**— Курманбек Бакиевдин тушунда дагы сизди Эгемендик майрамын белгилөөдө бир да жолу чакырышкан жок. Ал киши менен да мамиле жок беле?**

— Эркиндик сейил багы менен чыгып келатсам, бир машина токтоду. Ичинен Бекназаров менен Топчубек Тургуналиев чыгып, мени токто деди. Топчуке “Сен бизге кошулбай жатасың” деп айтты. Чогуу эле болуп атпайлыбы, кайсыл иште кошулбай жатам? – деп жооп бердим. “Акаевди кетирүүгө” деди. Акаевди кетирүүгө 100 пайыз кошулам. Ал кеткенден кийин эмне болот? – деп сурадым. “Бакиев президент болот” деп айтты. Ал жарабайт, мен Бакиевдин көк желкесинде төрт жарым жыл депутат болуп олтурдум. Бир жолу микрофонго чыгып, Кыргызстандын мындай проблемасы бар деп сүйлөгөн жигит эмес. Акаев эмне десе ошону аткарып турган. Премьер-министрге чейин алып барып, Аксы окуясына байланыштырып иштен алып, кайра эле Ала-Букадан Акаев өзү депутат кылып шайлап алып келди. Аны тандасаңар ката кетиресиңер дедим. “Сен билбейсиң. Биз Үсөндүн (Үсөн Сыдыков) кабинетинде баарын чечип бүттүк. Бакиев президент болот” деп Топчуке күпүлдөгөн. Экөөбүз кичине айтышып кеттик эле Бекназаров койгула деген. Бакиев президенттикке жарабайт деген Аматовду майрамга чакырышып баш оорутмак беле.

**— Атамбаев учурунда 25 жылдыкты белгилегенде бир жолу чакырылдыңыз окшойт го?**

— Ооба, чакырып трибунадан орун берген. Майрамдык кече башталганда эле Атамбаев Отунбаеваны “Сен эл шайлаган президент эмессиң” деп кекетип кирди. Отунбаева болсо кол шилтеп жөнөп кетти. Баарыбыздын маанайыбыз түштү. Анда майрам болбой эле бирөөнү жамандоо үчүн уюшулган кече болду. Майрам күнү элге шермende болушту деп басып келгенбиз. Эми үка, майрамга чакырган жок деп капа деле болбойм. Мен Кыргызстан эгемендүү мамлекет болушу керек деп күйүп, өз көздөгөнүмдү ишке ашыргам.

**- Быйыл мамлекеттик ишмер, биринчи өкмөт башчы болгон Насирдин Исановдун 80 жылдык маарекеси да белгиленип жатат. Исанов менен иштешип калдыңыз да. Кандай киши болчу?**

- Насирдин Исанов менен жаш кезимде тааныштым. Жогорку окуу жайды жаңыдан бүтүрүп, Алайда зоотехник болуп иштеп жаткан учурум эле. Ал кезде Исанов Ош облустук комсомол комитетинин биринчи катчысы болчу. Мени өзүнө чакырыптыр. Барсам “Окууну бүтүп келипсиң. Бизге иштеп бере аласыңбы?” деп калды. Мындай сунушту чындыгында күтпөгөм. Окууну жаңы эле бүтүп келип, зоотехник болуп иштеп жатам деп жооп бердим. Ал киши “Анда өз ишиңде жакшы иште” деген. Кийин Жогорку Советке депутат болуп шайландым. 1990-жылы президентти Жогорку Советтин депутаттары шайлаган. Ошондо Насирдин Исанов дагы талапкер болгон. Добуш берүүнүн жыйынтыгында Аскар Акаев биринчи, Насирдин Исанов экинчи болгон. Депутаттар кайра шайлоо кылыш керек деп чыгышкан. Акаев менен Исанов өз ара сүйлөшүшсө керек. Аскар Акаев президент, Насирдин Исанов өлкөдөгү экинчи адам болгон. Исанов олуттуу киши болчу. Тартынбай өз оюн ачык айтчу.

**- Сиз депутат, ал киши өкмөт башчы болдуңар. Көйгөйлүү маселени чогуу талкуулаган учур болду беле?**

- Исанов менен 2-3 ирет жолуккам. Акаевге экономикалык реформа боюнча кеңешчи болуп Борис Бирштейн деген келген. Чет элдин жарандары келгенден кийин баардык иш тескери кетти. Оолор президенттин жанына олтуруп алып, кен байлыктарга ээ болобуз деп биздин Конституциябызга, байлыгыбызга кол салышкан. Биз “Кумтөрдүн” алтынынын 67 пайызы Кыргызстандыкы, 33 пайызы канадалыктардыкы дегенге макул болгонбуз. Мен Исановдун өлүмүнө чейин 3 күн мурун аны менен жолуккам. Ак үйдүн жетинчи кабатында А.А.Иордан деген вице-премьерге кирем деп кетип аткам. Аркаман бирөө басып келаткан. Ким экен деп бурулайын десем, чыканагыма бир койду. Карасам Исанов экен. “Жүр” деп кабинетине алып кетти. Аны сүйлөсөм деле уккусу келбейт, муну сүйлөсөм деле уккусу келбейт. Бир маалда өзү сүйлөдү. “Бегиш Аматович, Аскар Акаевичтин жанында Кыргызстанга жан күйгүзө турган бир дагы киши жок экен!” деди. Менде "биринчи кишини экинчи киши ушинтип айтып жатса, жакшылыкка алып келбейт" деген ой кетти. Көрсө, ошондо Исанов Акаевдин кабинетинен чыгып келаткан экен. Чагымда, ага-буга кол кой десе керек да. Ал киши кол койбойм деп чыккан болсо керек деп ойлойм. Мага ошентип жарылган. Исановдун сөзүнүн төркүнүндө президенттин төгөрөгүндө кыргыздын душмандары олтурат деген маани жатты. 3 күндөн кийин Исанов өлдү деген кабар угулду. Көрсө, кыргыздын алтынын алыш керек болгон экен да. Алтын үчүн Исанов өлгөн. Бул тарых.

**Маектешкен**
**Наралы АСАНБАЕВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## ЭЛДИК КУРУЛТАЙДЫ ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Элдик бийликтин негиздерин андан ары чыңдоо, Кыргыз Республикасында ынтымакты бекемдөө, жарандык коомду консолидациялоо, улуттук аң-сезимди өнүктүрүү, аймактык көйгөйлөрдү чечүү, ошондой эле өлкөнү туруктуу өнүктүрүү максатында, "Элдик Курултай жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 11-беренесине, 15-беренесинин 2-бөлүгүнө, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Бишкек шаарында Элдик Курултайды өткөрүү 2023-жылдын 15-декабрына дайындалсын.

**2.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Элдик Курултайдын 700 (жети жүз) делегатынын квоталарга бөлүнүшү 1-тиркемеге ылайык;

2) Элдик Курултайды өткөрүү жана делегаттарды шайлоо боюнча ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитети жөнүндө убактылуу жобо 2-тиркемеге ылайык;

3) Элдик Курултайды өткөрүү жана делегаттарды шайлоо боюнча ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитетинин курамы 3-тиркемеге ылайык.

**3.** Элдик Курултайды өткөрүү жана делегаттарды шайлоо боюнча ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитети:

1) "Элдик Курултай жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык делегаттарды шайлоону координациялоо боюнча тиешелүү иштерди жүргүзсүн;

2) Элдик Курултайды өткөрүү жана делегаттарды шайлоо боюнча ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитети жөнүндө убактылуу жободон келип чыгуучу чечимдерди кабыл алсын, ошондой эле Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча башка зарыл болгон чараларды көрсүн;

3) Элдик Курултайды өткөрүү боюнча регламенттин долбоорун иштеп чыксын жана Элдик Курултайдын бекитүүсүнө киргизсин;

4) өзүнүн ишине мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн жана эксперттерди белгиленген тартипте тартсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы менен биргеликте ушул Жарлыктан келип чыгуучу тиешелүү чараларды көрсүн.

**5.** Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону өткөрүүнү уюштуруу Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине, ошондой эле "Кыргызстан элинин Ассамблеясы" Ассоциациясы" юридикалык жактардын бирикмесине (макулдашуу боюнча) тапшырылсын.

**6.** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги жер-жерлерде делегаттарды шайлоону уюштуруу жана өткөрүү мезгилинде коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоо боюнча чараларды көрсүн.

**7.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**8.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 29-августу ПЖ №215***

*1-тиркеме*

### Элдик Курултайдын 700 делегатынын квоталарга бөлүнүшү

| № | Административдик-аймактык бирдик | Административдик-аймактык бирдиктердин саны | Аймактык бирдиктерден делегаттардын саны | Делегаттардын жалпы саны |
|---|---|---|---|---|
| **1. Региондук жана тармактык өкүлчүлүк** | | | | |
| 1 | Бишкек шаары | 1 | 1 | 60 |
| 2 | Ош шаары | 1 | 1 | 39 |
| 3 | Облустук маанидеги шаарлар | 12 | 4 | 48 |
| 4 | Райондук маанидеги шаарлар | 18 | 2 | 36 |
| 5 | Калкынын саны боюнча айыл аймактары: | 408 | - | 457 |
| 6 | -20 000ге чейин | 359 | 1 | 359 |
| 7 | -20 001ден ашык | 49 | 2 | 98 |
| | | | | **640 делегат** |

| **2. Этностук топтордун жана эмгек мигранттарынын өкүлчүлүгү** | |
|---|---|
| **Өкүлчүлүктүн аталышы** | **Делегаттардын саны** |
| Этностук өкүлчүлүк | 30 |
| Чет өлкөдөгү эмгек мигранттары | 30 |
| | **60 делегат** |
| **Жалпы саны: 700 делегат** | |

*Эскертүү: айыл аймактарынын саны пилоттук административдик-аймактык реформаны эске алуу менен берилди

*2-тиркеме*

## Элдик Курултайды өткөрүү жана делегаттарды шайлоо боюнча ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитети жөнүндө убактылуу жобо

**1. Жалпы жоболор**

1. Ушул Элдик Курултайды өткөрүү жана делегаттарды шайлоо боюнча ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитети жөнүндө убактылуу жобо (мындан ары - Убактылуу жобо) Элдик Курултайды өткөрүү жана делегаттарды шайлоо боюнча ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитетинин (мындан ары - Уюштуруу комитети) ишин, ошондой эле Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруунун тартибин регламенттейт.

2. Ушул Убактылуу жобо "Элдик Курултай жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында каралган тиешелүү регламенттөөчү документтер белгиленген тартипте кабыл алынганга, ошондой эле аталган конституциялык Мыйзамда каралган тартипте Элдик Курултайдын катчылыгы түзүлгөнгө чейин колдонулат.

3. Өлкөнү социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана жарандык коомду өнүктүрүү максатында талкуулоону талап кылган мамлекеттик маанидеги маанилүү маселелер боюнча чечимдерди биргелешип кабыл алуу үчүн Кыргыз Республикасынын жарандары айыл аймактарынын (пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформаны эске алуу менен), шаарлардын өкүлчүлүктүү жыйындарына, Кыргызстан элинин ассамблеясынын курамына кирген этностук коомдук бирикмелердин жыйналыштарына, чет өлкөдөгү эмгек мигранттарынын бирикмелеринин жыйналыштарына катыша алат, ошондой эле бекитилген квоталарга ылайык шайланган делегаттар Элдик Курултайга катышат.

**2. Элдик Курултайдын делегаттарын айыл аймактарынан, шаарлардан шайлоонун тартиби**

4. Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоодо региондун жана тиешелүү аймактын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тармактык өкүлчүлүк принциптери жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйыны аркылуу жүзөгө ашырылат.

5. Жергиликтүү кеңеш кезексиз сессиянын чечими менен Уюштуруу комитети бекиткен календардык планга ылайык Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынын чакырат.

Чечимде төмөнкүлөр чагылдырылат:

- Уюштуруу комитети бекиткен жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүк ченемине ылайык жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынынын катышуучуларынын жалпы саны;
- жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүү боюнча тиешелүү аймакты бөлүктөргө бөлүү ченемдери (поселоктордо, кичи райондордо, аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдарына, кварталдарга, көчөлөргө, чарбаларга, үй чарбаларына ж.б.);
- календардык план менен аныкталуучу мөөнөттөргө ылайык жарандардын жыйналыштарын жана жыйындарын өткөрүүнүн графиги жана жергиликтүү коомдоштуктун өкүлчүлүктүү жыйынына катышуучулардын саны;
- өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүүгө жооптуу жергиликтүү кеңештин депутаттарынын тизмеси;
- өкүлчүлүктүү жыйынды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун (мындан ары - жумушчу топ) курамы.

6. Өкүлчүлүктүү жыйындарды өткөрүү мөөнөтү календардык план менен аныкталат.

7. Жумушчу топтун курамына жергиликтүү кеңештин депутаттары, калктын демилгечи топторунун, жарандык коомдун, коомдук уюмдардын өкүлдөрү, айыл өкмөтүнүн/мэриянын кызматкерлери жана башкалар кирет. Жумушчу топ беш адамдан кем эмес курамда түзүлөт.

Жумушчу топтун курамына жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын жетекчилери кире албайт.

Жумушчу топко жергиликтүү кеңештин төрагасы (төрага жок учурда - төраганын орун басары) башчылык кылат, катчынын функцияларын жергиликтүү кеңештин жоопту катчысы аткарат. Жергиликтүү кеңеште жооптуу катчынын кызмат орду жок болгон учурда жумушчу топтун катчысынын милдеттери айыл өкмөтүнүн/мэриянын кызматкерине жүктөлөт.

8. Жумушчу топ:

- өкүлчүлүктүү жыйындын катышуучуларын шайлоо боюнча жыйындарды өткөрүүнүн координациялайт;
-жыйындардын жана жыйналыштардын протоколдорун түзөт (Уюштуруу комитети бекиткен үлгү боюнча);
- өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүү тартибинин долбоорун иштеп чыгат жана жыйналыштын күн тартибин даярдайт;
- өкүлчүлүктүү жыйын өткөрүлүүчү күнү катышуучуларды каттоону жүргүзөт;
- өкүлчүлүктүү жыйындын катышуучуларынын сапаттык жана тармактык курамы боюнча маалымат берет;
- өкүлчүлүктүү жыйындын катышуучуларынын жана Элдик Курултайдын делегаттарынын шайланган курамында бекитилген квотага ылайык тармактык өкүлчүлүк принцибин сактоону камсыз кылуу боюнча аракеттерди көрөт;
- уюштуруу маселелери боюнча башка зарыл болгон чараларды көрөт.

9. Өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүүнү уюштуруу, материалдык-техникалык камсыздоо жана маалымдоо иштерин жүргүзүү жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөлөт.

10. Өкүлчүлүктүү жыйынга катышууга талапкерлерди көрсөтүү укугуна бул жыйналыштарга/жыйындарга катышкан жергиликтүү коомдоштуктун бардык мүчөлөрү ээ.

Ошондой эле жыйынга тиешелүү аймакта төрөлүп өскөн, бирок башка административдик-аймактык бирдикте жашаган жарандар катыша алат.

Катышуу үчүн көрсөтүлгөн талапкерлердин саны чектелбейт, бирок добуш берүүнүн жыйынтыгында жергиликтүү кеңеш аныктаган сандагы (сандык ченемге ылайык) өкүлчүлүктүү жыйындын катышуучулары шайланат.

11. Өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучуларды шайлоо боюнча жергиликтүү коомдоштуктун жыйындары жана жыйналыштары жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген график боюнча өткөрүлөт.

12. Катышуучуларды шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйынга айылдын же шаардын жыйын/жыйналыш өткөрүлүп жаткан бөлүгүнө жооптуу болуп бекитилген жергиликтүү кеңештин депутаты алып барат.

13. Өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучуларды тиешелүү аймактын этностук өзгөчөлүгүн эске алуу, гендердик балансты сактоо, ошондой эле тармактык, курактык таандыктыгы боюнча өкүлчүлүк принциби менен шайлоо сунушталат.

Аталган принциптерди аткаруу боюнча консультациялык түшүндүрмө жана багыт берүү иштери Уюштуруу комитети тарабынан жүргүзүлөт.

14. Жыйналыштарда/жыйындарда катышуучулардын ачык добуш берүүсү менен көпчүлүк добушка ээ болгон талапкерлер өкүлчүлүктүү жыйындын катышуучусу болуп шайланат.

15. Жумушчу топ жыйналыштардын/жыйындардын протоколдорунун негизинде өкүлчүлүктүү жыйындын шайланган катышуучуларынын ыйгарым укуктарынын аныктыгын ырастайт, алардын тизмесин түзөт жана аталган документтерди жергиликтүү кеңешке берет.

Ушул пунктта көрсөтүлгөн документтер жумушчу топтун бардык мүчөлөрүнүн колу менен күбөлөндүрүлөт жана 3 жыл боюу жергиликтүү кеңештерде сакталып, андан кийин жергиликтүү архивдерге өткөрүлөт.

**3. Өкүлчүлүктүү жыйындар**

16. Өкүлчүлүктүү жыйын ага шайланган катышуучулардын жалпы санынын көпчүлүгү (жарымынан көбү) катышса, укуктуу болуп саналат.

17. Жергиликтүү кеңештин төрагасы өкүлчүлүктүү жыйналышка төрагалык кылат, кворум тууралуу маалымат берет, катышуучуларга күн тартибин бекитүүнү сунуштайт.

Күн тартиби бекитилгенден кийин өкүлчүлүктүү жыйындын катчысы, эсептөө комиссиясынын курамы жана анын төрагасы бекитилет.

Өкүлчүлүктүү жыйындын чечимдери ачык добуш берүү менен катышкандардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

18. Элдик Курултайдын делегаттары бекитилген квоталарга ылайык тиешелүү аймактын этностук таандыктыгын эске алуу, гендердик балансты сактоо, ошондой эле тармактык, курактык таандыктыгы боюнча өкүлчүлүк принциби менен шайланат.

Ушул Жобо бекитилгенге чейин айылдык аймактардын саны өзгөргөн учурда ар бир айылдык аймактан квоталанган делегаттардын саны өзгөртүлбөйт жана бул квоталар бириктирилген аймактарга таандык болот.

19. Элдик Курултайдын делегаттыгына талапкерлерди көрсөтүү укугуна өкүлчүлүктүү жыйындын бардык катышуучулары ээ.

20. Элдик Курултайдын делегаттыгына көрсөтүлгөн талапкерлердин саны квотанын санынан ашкан учурда ар бир талапкерге жекече кезек менен добуш берилет.

Өкүлчүлүктүү жыйындын катышуучуларынын ачык добуш берүүсү менен көпчүлүк добушту алган талапкерлер Элдик Курултайдын делегаттары болуп шайланат.

Элдик Курултайдын делегаттары акыркы добуш берүүдө бирдей сандагы добуш алган талапкерлердин ортосунда чүчү кулак өткөрүү жолу менен аныкталат.

21. Делегаттар шайланган соң кийинки добуштарды алган талапкерлер Элдик Курултайдын делегаттарынын резервине кирет.

22. Өкүлчүлүктүү жыйындын протоколу мамлекеттик тилде тариздейт (Уюштуруу комитети бекиткен үлгүгө ылайык), өкүлчүлүктүү жыйындын төрагасы жана катчысы кол коёт. Зарыл болгондо жыйналыштын/жыйындын протоколу расмий тилге которулушу мүмкүн.

Элдик Курултайдын делегаттарынын тийиштүү документтеринин тизмеги Уюштуруу комитети тарабынан бекитилет.

23. Өкүлчүлүктүү жыйындын протоколуна Элдик Курултайдын делегаттарынын документтеринин көчүрмөлөрү тиркелет, алар Уюштуруу комитетине аларга мандаттарды берүү үчүн жиберилет.

24. Өкүлчүлүктүү жыйынды уюштуруу жана өткөрүү жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржыланат.

25. Элдик Курултайдын делегаттары өкүлчүлүктүү жыйындын жыйынтыгы боюнча 3төн ашпаган маселени Элдик Курултайдын кароосуна коёт.

***(Уландысы 5-бетте)***

МААРАКЕГЕ КАРАЙ

www.erkin-too.kg

КР мурдагы айыл чарба министри Эмилбек УЗАКБАЕВ:

# “ЭГЕМЕНДИКТИН 32 ЖЫЛЫН САЯСАТ МЕНЕН АЛПУРУШУП ӨТКӨРДҮК”

***31-августта өлкөбүздүн көз карандысыздыкты алганына 32 жылга аяк басты. Дал ушул оңой эмес убакыт ичинде эгемендиктин кышын кынаптоодо салым кошкон, өлкөбүздүн оошкыйыш убактарында облус жетекчиси, элчи, министр, депутат катары үзүрлүү эмгектенген Эмилбек мырза менен көз карандысыздык тууралуу азын-оолак баарлаштык.***



**- Эмил мырза, көздү ачып жумгуча эгемендүүлүккө жетишкенибизге 32 жыл толуптур. Бул аралыкта, тагыраагы өмүрүңүздүн 25 жылын мамлекеттик бийик кызматтарда отуруп, эгемен өлкөбүздүн тарыхы менен камыр-жумур аралашып жүрдүңүз да. Алгач кепти ушул жааттан баштабайлыбы?**

- Эң оболу мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, 31-август эгемендүүлүк майрамыбыз менен жалпы кыргыз элибизди ак дилимден куттуктайм! Эл-жерибизде ар убак тынчтык, бакубаттуулук өкүм сүрүп, жалпы калкыбыздын турмушу мындан да оңоло берсин. 32 жылдык эгемендик доорубузда экономикалык бир топ ийгиликтерге жетиштик. Кызмат көрсөтүү, тейлөө, өзгөчө соода-сатык маселесинде бир топ ийгиликтер болду. Мунун анализи оңой эле. Элибиздин көпчүлүк бөлүгү ушул тармактарда эмгектенип, турмуш-шартын оңоп, ийгиликтерге жетишип жатышат. Ошол эле курулуш, транспорт тармагында бир топ ийгиликтер бар. Өлкөбүз агрардык мамлекет болгон соң, айыл чарбабыздагы жакшы көрсөткүчтөр болгонун айтпай кетпесек болбос.

**- Албетте, мындай ийгиликтер баарыбызды сүйүнтөт. Ушул жетишкендиктерге улай, кай тармактардан аксап, кемчиликтерге жол берип жатабыз?**

- Экономика салыштыруудан бааланат. Өнөр жай, дегеле сырттагы жашообуздун күрөө тамыры болгон энергетика тармагында кемчиликтер кетти. Биз көп убакыттан уттуруп жибердик. Биздин энергетика жаатыбыздагы иштер негедир жайбаракат болуп жаткансыйт. Бул жагын ачык айтышыбыз керек. Өкүнүчтүүсү, 32 жылда көбүрөөк саясат менен алектенип, энергетика жаатын көңүлгө көп албай келдик. Бийлик алмашуулар, Баш мыйзамдын көп ирет оңдолуп-түзөлүшү, фальсификация менен коштолгон шайлоолор экономикабыздын өсүшүнө өтө чоң таасирин тийгизип койду. Бир жөнөкөй мисал, экономика өскөн сайын энергетиканы көп талап кылат. Кубандырганы, учурдагы бийлик дал ушул энергетика жаатыбыздагы көйгөйлөргө чекит койгонго абдан киришип, алгылыктуу аракеттерди баштаңты. Ушул иштерди 30 жыл мурун баштап койгондо азыр бир топ иштер болот эле.

**- Мындан ары эмне кылышыбыз керек? Сиздей аттуу-баштуу аксакалдарыбыздын кеңешине кулак салбай келгенден улам очорулуп, ордубуздан тынгылыктуу тура албай келдикпи?**

- Башта айтканымдай, саясат менен азыраак алектенип, экономика менен алпурушубуз зарыл. Бизде бардык жагынан толук шарт бар. Баса белгилөөчү жагдай, тышкы саясатыбызды азыр өтө кылдат жүргүзүшүбүз зарыл. Борбордук Азиядагы кошуна мамлекеттер менен алаканы жакшы нукта улантып, бардыгы менен мамилени жаңы сапаттарга чыгаруу кажет. Дагы бир өкүнүчтүү жагдай, биз Бажы Биримдигине мүчө болгондуктан, бул уюм учурда татыктуу деңгээлде иш жүргүзбөй жатат. Бул жагын өзүнчө кененирээк сөз кылалы. Азырынча маймамда жалаң кемчилик, көйгөйлөрдү тизмектеп отурушту анчейин каалабай турам.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ.**

---

## Элдик Курултайды өткөрүү жана делегаттарды шайлоо боюнча ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитети жөнүндө убактылуу жобо

*(Башталышы 4-бетте)*

### 4. Уюштуруу комитети

26. Уюштуруу комитети Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоонун тартибин аныктоочу консультациялык координациялык орган болуп саналат.

27. Уюштуруу комитети өз ишин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, “Элдик Курултай жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын, башка ченемдик укуктук актылардын жана ушул Убактылуу жобонун негизинде жүзөгө ашырат.

28. Уюштуруу комитетинин жыйналыштары зарылдыгына жараша өткөрүлөт. Уюштуруу комитетинин чечимдери көпчүлүк добуш менен кабыл алынат жана протокол менен таризделет.

Уюштуруу комитетинин чечимдери зарылдыгына жараша сурамжылоо жолу менен кабыл алынышы мүмкүн.

Уюштуруу комитетинин жыйналышы видеоконференц байланышты колдонуу менен өткөрүүгө жол берилет.

29. Уюштуруу комитетинин чечимдери мамлекеттик органдар, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, мекемелер жана уюмдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

30. Уюштуруу комитети:

- Элдик Курултайды өткөрүү ишин уюштурат;
- Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо ишин координациялайт;
- бекитилген квотага ылайык региондук, тармактык, этностук, улуттук жана жаш курактык таандыктуулугу боюнча өкүлчүлүк принциптеринин сакталышын камсыз кылат;
- Элдик Курултайды өткөрүү боюнча иш-чаралардын календардык планын бекитет;
- ушул Убактылуу жободо камтылбаган жана көнгө салынбаган маселелер боюнча чечимдерди кабыл алат.

31. Уюштуруу комитетинин жыйналыштарын төрага жетектейт. Төрага жок учурда анын милдеттерин аткаруу төраганын орун басарына жүктөлөт.

32. Элдик Курултайдын Улуттук кеңеши түзүлгөн учурдан тартып Уюштуруу комитети өз ишинин жыйынтыгын чыгарат.

### 5. Элдик Курултайдын катчылыгы

33. “Элдик Курултай жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында каралган тартипте Элдик Курултайдын катчылыгы шайланганга чейин анын функцияларын Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын тиешелүү бөлүмү аткарат.

34. “Элдик Курултай жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында каралган тартипте катчылык шайланганга чейин Уюштуруу комитети Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын тиешелүү бөлүмү менен биргеликте Элдик Курултайдын катчылыгындагы кызмат орундарына белгиленген тартипте шайлоо үчүн талапкерлер жөнүндө сунуштарды даярдайт, ал сунуштарды белгиленген тартипте Элдик Курултайдын Улуттук кеңешинин кароосуна киргизет.

Улуттук кеңеш Элдик Курултайдын катчылыгынын кызматкерлерин дайындоо үчүн Кыргыз Республикасынын Президентине сунуштайт.

35. Жыйырма бир жашка толгон, жогорку билими бар, соттуулугу жок, өзүнүн ишкердик жана жеке сапаттары боюнча, ошондой эле ден соолугунун абалы боюнча өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарууга жөндөмдүү, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлебеген Кыргыз Республикасынын жараны Элдик Курултайдын катчылыгынын кызматкери боло алат.

### 6. Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча башка маселелер

36. Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоодо этностук өкүлчүлүктүн принциптери “Кыргызстан элинин Ассамблеясы” Ассоциациясы” юридикалык жактардын бирикмесинин курамына кирген этностук коомдук бирикмелер тарабынан жүзөгө ашырылат.

37. Чет өлкөдөгү эмгек мигранттарынын ичинен Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин чет өлкөдөгү өкүлчүлүгү тарабынан координацияланат. Элдик Курултайдын делегаттарына талапкерлер чет өлкөлөрдөгү мамлекеттик каттоодон өткөн коомдук уюмдар тарабынан көрсөтүлөт.

38. Элдик Курултайдын делегаттарын этностук жана чет өлкөлүк эмгек мигранттарынан шайлоонун тартиби Уюштуруу комитетинин чечими менен аныкталат.

### 7. Корутунду жоболор

39. Жергиликтүү коомдоштуктун өкүлчүлүктөрүнүн, “Кыргызстан элинин Ассамблеясы” Ассоциациясы” юридикалык жактардын бирикмесинин курамына кирген коомдук уюмдардын жана Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн жыйналыштары Кыргыз Республикасынын гимни менен башталат жана аяктайт.

40. Элдик Курултайдын делегаттары Элдик Курултайды өткөрүү мезгилине гана шайланат, ал эми делегаттардын ыйгарым укуктары Элдик Курултайдын жалпы жыйыны аяктагандан кийин токтотулат.

---

*3-тиркеме*

## Элдик Курултайды өткөрүү жана делегаттарды шайлоо боюнча ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитетинин курамы

**Касмамбетов Суйунбек Сапарбекович** - Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы, уюштуруу комитетинин төрагасы;

**Джунушалиев Айбек Джанышбекович** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин даярдоо боюнча башкармалыгынын начальниги, уюштуруу комитетинин төрагасынын орун басары;

**Абыкеев Чолпонбек** - Кыргыз Республикасынын Президентинин кеңешчиси, “Элдик Курултай жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун жетекчиси;

**Борубашов Бекбосун Ишенбекович** - Кыргыз Республикасынын Президентинин кеңешчиси, 2020-жылдагы Конституциялык кеңешменин төрагасы;

**Айтиев Замирбек Каримович** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин даярдоо боюнча башкармалыгынын уюштуруу иштери жана аймактар менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнүн аймактарды өнүктүрүү секторунун эксперти, уюштуруу комитетинин катчысы;

**Арабаев Чолпонкул Исаевич** - Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын вице-президенти, “Элдик Курултай жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун мүчөсү (макулдашуу боюнча);

**Султанбаев Абдыкадыр Дарданович** - Кыргыз Республикасынын Журналисттер союзунун төрагасы (макулдашуу боюнча);

**Кошалиев Кадырали Амиракулович** - “Элдик Курултай жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун мүчөсү, биринчи Элдик Курултайдын төрагасы (макулдашуу боюнча);

**Укушов Мурат Каниметович** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин укуктук жактан камсыз кылуу башкармалыгынын начальниги;

**Исанов Алмаз Насирдинович** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын саясий жана экономикалык изилдөөлөр башкармалыгынын начальниги;

**Осмонов Азамат Кыргызбаевич** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгынын начальниги;

**Туманбаев Каныбек Тургунбекович** - Кыргыз Республикасынын Президентинин иш башкаруучусу;

**Айтбаев Урмат Шакиралиевич** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин даярдоо боюнча башкармалыгынын начальнигинин орун басары - уюштуруу иштери жана аймактар менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнүн башчысы;

**Бакетаев Алмаз Кушбекович** - Кыргыз Республикасынын финансы министри;

**Кулубаев Жээнбек Молдоканович** - Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри;

**Базарбаев Кудайберген Базарбаевич** - Кыргыз Республикасынын эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министри;

**Алимбаев Абдикарим Карбекович** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү;

**Джантаев Эльчибек Нуржадыевич** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү;

**Сыргабаев Абсаттар Токтогулович** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү;

**Дарданов Нурлан Камалбекович** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү;

**Джумагазиев Канат Сагынович** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү;

**Эргешов Алтынбек Калдарович** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү;

**Иманбетов Илияз Женишович** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү;

**Абдыкадыров Эмилбек Мырзакулович** - Бишкек шаарынын мэри;

**Жетигенов Бакытбек Женишбекович** - Ош шаарынын мэри.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# №4 КӨК-ЖАР БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТЫН ШАЙЛООНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ БОЮНЧА СОТТОРДУН ЧЕЧИМДЕРИН АТКАРУУ ТУУРАЛУУ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-августундагы ПЖ №370 Жарлыгы менен дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо 2021-жылдын 28-ноябрында болуп өткөн.

2021-жылдын 12-декабрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) «№4 Көк-Жар бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоонун натыйжалары жөнүндө» №822 токтому менен №4 Көк-Жар бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоонун натыйжалары аныкталган:

1) №4 Көк-Жар бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоо болуп өттү деп таанылган;

2) №4 Көк-Жар бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп Бакиров Өмүрбек Мирзараимович таанылган.

№4 Көк-Жар бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Р.Р.Рысбаевдин өкүлү А.Жумалиев соттук тартипте даттанганда, Бишкек шаарынын Административдик сотунун 2021-жылдын 17-декабрындагы чечими жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2021-жылдын 23-декабрындагы токтому менен Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 17-декабрындагы №822 токтому мыйзамдуу деп таанылып, күчүндө калтырылган.

Борбордук шайлоо комиссиясынын жогоруда аталган 2021-жылдын 12-декабрындагы №822 токтомунун негизинде, 2023-жылдын 27-декабрында Борбордук шайлоо комиссиясынын №838 токтому кабыл алынган, ал токтом менен Ө.М. Бакиров Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп катталган.

2022-жылдын декабрында Р.Р. Рысбаевдин өкүлү А. Жумалиев тарабынан – Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 192-беренесинин 1-бөлүгү менен айыпталган Х.Б.Гоиповду жана Ф.М.Нормaтовду шайлоочулардын добуштарын сатып алууга күнөөлүү деп тапкан Ноокат райондук жана Ош облустук сотторунун өкүмдөрүн эске алуу менен Бишкек шаарынын Административдик сотунун 2021-жылдын 17-декабрындагы чечимин жаңы ачылган жагдайлар боюнча кароо жөнүндө доо арызы Бишкек шаарынын Административдик сотуна берилген.

2022-жылдын 12-декабрында Бишкек шаарынын Административдик соттун ишти кароонун жыйынтыгы боюнча, Р.Р.Рысбаевдин жаңы ачылган жагдайларынын негизинде кайра кароо арызы канааттандырылып, Бишкек шаарынын Административдик сотунун 2021-жылдын 17-декабрындагы чечимин *(№АД-1368/21абс8)* жокко чыгаруу тууралуу аныктама кабыл алынган.

Жогоруда аталган аныктамада, сот: 2022-жылдын 22-январындагы Ноокат райондук сотунун жана 2022-жылдын 31-мартындагы Ош облустук сотунун өкүмдөрү менен Х.Б. Гоипов жана Ф.М. Норматов *«шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү мезгилинде кылмыш жосуну (шайлоочулардын добуштарын сатып алуу) юридикалык жактан аныкталган»* деп, ушуга байланыштуу *«Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 268-беренесинин 1-бөлүгүндө, 2-бөлүгүнүн 1-пунктунда белгиленген жаңы ачылган жагдайлар талаптарына жооп берет»* деген тыянакка келген.

Бишкек шаардык сотунун 2023-жылдын 6-февралындагы аныктамасы жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2023-жылдын 26-апрелиндеги токтому менен Бишкек шаарынын Административдик сотунун 2022-жылдын 12-декабрындагы аныктамасы күчүндө калтырылган.

2023-жылдын 7-июнунда Бишкек шаарынын Административдик соту Р.Р. Рысбаевдин арызын маңызы боюнча карап чыгып, арыз боюнча анын талабын канааттандырып, Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 12-декабрындагы №1433 чечимин жана 2021-жылдын 12-декабрындагы №822 токтомун жокко чыгарган.

Мында, Бишкек шаарынын Административдик сотунун белгиленген чечимин кабыл алуу үчүн төмөндөгү шарттар негиз болгон:

1) Соттун тыянагына ылайык: *«Шайлоочулардын добуштарын сатып алуу фактысы боюнча маселени караган учурда БШКда шайлоочулардын добуштарын сатып алууга талапкер Ө.М. Бакировдун катыштыгын тастыктаган же жокко чыгарган акыркы натыйжалар болгон эмес, №1433 чечимин кабыл алууда Кыргыз Республикасынын Ички иштер министринин орун басары Э. Аширходжаевдин 08.12.2021-жылдагы чыг.№№1/7137 маалыматына негизсиз таянган».*

Сот 2021-жылдын 12-декабрындагы №822 токтомун кабыл алууда БШКда *«КР ЖПКда белгиленген тартипте Ноокат райондук сотунун өндүрүшүндө каралып жаткан шайлоочулардын добуштарын сатып алуу боюнча, ошондой эле талапкерге карата өзүнчө бөлүнгөн сотко чейинки өндүрүш боюнча кылмыш ишине талапкер Ө.М. Бакировдун катыштыгы жоктугу жөнүндө акт»* жок болгондугун белгилеген.

Соттун пикири боюнча *«Х.Б. Гоиповго жана Ф.М. Норматовго карата чыгарылган соттун өкүмүнүн негизинде шайлоочулардын добуштарын сатып алуу фактысы далилденген деп эсептелинет, ал эми жогоруда көрсөтүлгөн кылмыш иши жарандардын шайлоо укуктарына каршы коомдук коркунучтуу жана укукка каршы жосун экениндиги өкүмдө аталган жагдайлар менен КР ЖПК тартибинде аныкталган».*

2) Андан ары сот «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын (мындан ары – конституциялык Мыйзам» 28-беренесинин 9-бөлүгүнүн ченемдерине таянуу менен шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү тартибин сактоону көзөмөлдөө жана жол берилген бузууларды четтетүү боюнча чараларды кабыл алуу боюнча БШКнын ыйгарым укуктарын белгилеген *(соттун чечиминин 10-бетинин 7, 8-абзацтары).*

Ошону менен бирге сот Көк-Жар шайлоо округунда шайлоочулардын добуштарын сатып алуу фактысына БШК тарабынан *«шайлоо мыйзамдарын сактоо көз карашынан алганда юридикалык баа берилбей калгандыгы, бул факт боюнча конституциялык Мыйзамда белгиленген чаралар кабыл алынбагандыгы»* тууралуу тыянагынын негиздемесине конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 9-бөлүгүнүн экинчи абзацынын ченемин келтирген (соттун чечиминин 11-бетинин 2-абзацы).

Конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 9-бөлүгүнүн экинчи абзацына ылайык: «Ушул березенин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелери бузулгандыгы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын корутундусу (актысы) менен ырасталган учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу».

Соттун пикири боюнча конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде Борбордук шайлоо комиссиясы конституциялык Мыйзамдын 37-беренесинин 4-1-бөлүгүнүн негизинде талапкер Ө.М. Бакировдун каттоосун жокко чыгарууга жана ал боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгын анык эмес деп таанууга тийиш.

3) Сот конституциялык Мыйзамдын 37-беренесинин 4-1-бөлүгүнүн ченемдерине таянган: *«Эгерде шайлоолорго даярдануу, добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды саноо, добуш берүүнүн жыйынтыгын белгилөө учурунда* ***талапкер****, саясий партия* ***тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыгын анык белгилөөгө мүмкүндүк бербеген бузуулар орун алса, же шайлоочулардын эрк билдирүүсүнө таасир көрсөтүлсө, Борбордук шайлоо комиссиясы талапкер****, талапкерлердин тизмеси* ***боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгын анык эмес деп таанууга укуктуу*** (конституциялык Мыйзамдын 37-беренесинин 5-бөлүгүнүн экинчи абзацына ылайык шайлоочулардын добуштарын сатып алуу да кирет).

Конституциялык Мыйзамдын 46-беренесинин 2-бөлүгүнүн 7-пунктуна ылайык, ***«талапкердин, анын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, ишенимдүү адамдарынын, байкоочулардын, ошондой эле жакын туугандарынын шайлоочуларды сатып алуу же ага катышуу,*** *же ушул конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3 жана 4-бөлүктөрүндө белгиленген бузууларга катышуу фактылары* ***далилденгенде талапкердин каттоосу жокко чыгарылат».***

Жогоруда баяндалгандар боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы 2021-жылдын 12-декабрындагы №822 токтомду кабыл алууда шайлоочулардын добуштарын сатып алуу фактысы боюнча тергөөнү ишке ашырган укук коргоо органдарында ошол учурдагы болгон маалыматтарына негизделген.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза-процессуалдык кодексинин 159-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык (тергөөнүн тийиштүүлүгү) адамдын жарандык жана башка укуктарына каршы кылмыштар жөнүндө жазык иштери боюнча тергөө (анын ичинде КР КЖК 196-беренеси – шайлоочулардын добуштарын сатып алуулар боюнча) ички иштер органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан ишке ашырылат.

Конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 8,10-бөлүктөрүнө ылайык *«укук коргоо органдары жана башка органдар укукка каршы үгүт иштерине бөгөт коюу боюнча чараларды көрүүгө, ошондой аныкталган фактылар жана көрүлгөн чаралар жөнүндө тиешелүү шайлоо комиссиясына, референдум комиссиясына токтоосуз билдирүүгө милдеттүү».*

Шайлоону даярдоо, өткөрүү жана жыйынтыгын чыгаруу мезгилинде ички иштер, улуттук коопсуздук, прокуратура органдарынан келип түшкөн бардык маалыматтар, алар боюнча аталган органдардын билдирүүлөрү жана жооптору, анын ичинде каралбаган маалыматтар катары соттун чечиминде көрсөтүлгөндөр, белгиленген тартипте БШК тарабынан дыкат каралган.

Түздөн-түз аталган округ боюнча шайлоонун натыйжаларын белгилөө алдында министрдин орун басары Э. Аширходжаевдин колу коюлуп, 2021-жылдын 8-декабрында берилген Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин корутундулаган маалыматы (№1/7137) суратылып алынган жана каралган, ага ылайык «КР ЖК депутаттыгына талапкер Ө. Бакировдун добуштарды сатып алуу боюнча өзүнчө бөлүнгөн сотко чейинки өндүрүш ишине катыштыгы бар экендигин далилдеген маалыматтар табылган эмес».

Ошондой эле, 2022-жылдагы Ноокат райондук жана Ош облустук сотторунун өкүмдөрүндө жарандар Гоипов Х.Б. жана Норматов Ф.М. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинин 1-бөлүгүндө гана каралган шайлоочулардын добуштарын сатып алууга күнөөлүү деп таанылган, бул жерде субъект болуп жарандар өздөрү саналышат.

Бишкек шаардык сотунун 2023-жылдын 26-июнундагы аныктамасы жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2023-жылдын 18-августундагы токтому менен Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 12-декабрындагы №822 токтомун жокко чыгаруу тууралуу жогоруда аталган Бишкек шаарынын Административдик сотунун 2023-жылдын 7-июнундагы чечими күчүндө калтырылган.

Ушуга ылайык, соттордун кабыл алган чечимдери менен **шайлоо болуп өттү деп таанылып, ал эми Ө.М. Бакиров шайланган депутат болуп таанылган «№4 Көк-Жар бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоонун натыйжалары жөнүндө» Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 12-декабрындагы №822 токтому жокко чыгарылган.**

Түзүлгөн кырдаалда сот актыларын аткаруу жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо маселелерин чечүү зарыл.

Конституциялык Мыйзамдын 37-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык: *«Эгерде башка талапкерге караганда алда канча көп сандагы добуш алган талапкер үчүн берилген шайлоочулардын добуштарынын саны, шайлоочулардын бардык талапкерлерге каршы берилген добуштарынын санынан аз болсо Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоо болбой калды деп таанылат.* Бул учурда кайра шайлоо өткөрүлөт».

Шайлоону болбой калды деп таануу үчүн конституциялык Мыйзамдын ушул беренесинде белгиленген шарттардын жоктугу ачык көрүнүп турат.

Андан ары конституциялык Мыйзамдын жогоруда аталган 37-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, *«Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоонун натыйжаларын анык эмес деп таанайт:*

*1) эгерде добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын жалпы санынын үчтөн бирин камтыган шайлоо участокторунун бөлүгүндөгү добуш берүүнүн жыйынтыктары анык эмес деп таанылса;*

*2) эгерде талапкер (талапкерлер), саясий партиянын (партиялардын) талапкерлеринин тизмеси боюнча добуш берүүлөрдүн анык эмес деп таанылган жыйынтыктары добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын жалпы санынын үчтөн биринен ашыгын камтыса».*

**Азыркы учурда** добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын жалпы санынын үчтөн бирин камтыган шайлоо участокторунун бөлүгүндөгү добуш берүүдө (1-пункттагыдай), же болбосо добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын жалпы санынын үчтөн бирин камтыган шайлоо участокторунун бөлүгүндөгү добуш берүүдө (2-пункттагыдай) бузууларды тастыктаган **материалдар жок.**

Кабыл алынган сот чечимдерин жана шайлоонун натыйжалары жөнүндө маселени андан ары кароо үчүн 2023-жылдын 21-августунда Борбордук шайлоо комиссиясы Ө.М. Бакировго карата өзүнчө өндүрүшкө бөлүнгөн кылмыш ишин тергөөнүн жыйынтыктары боюнча маалымат берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине суроо-талап (№04-9/743) жөнөткөн.

Ошону менен бирге «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 5-бөлүгүнүн биринчи абзацына ылайык, *«Кыргыз Республикасынын сотторунун мыйзамдуу күчүнө кирген соттук актылары, сот адилеттигин жүзөгө ашыруу учурунда судьянын талаптары жана буйруктары бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, жеке жана юридикалык жактар үчүн милдеттүү болуп саналат жана алар кыйшаюусуз аткарылууга тийиш».*

Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 265-беренесинин 1-пунктуна ылайык, *«Кассациялык инстанциядагы соттун актылары жарыя кылынган учурдан тартып токтоосуз мыйзамдуу күчүнө кирет, акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт».*

Жогоруда белгиленгендей, аталган сот актылары менен жокко чыгарылган Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 12-декабрындагы №822 токтомунун негизинде 2021-жылдын 27-декабрында Ө.М. Бакиров Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты катары катталган Борбордук шайлоо комиссиясынын №838 токтому кабыл алынган.

Бишкек шаардык сотунун 2023-жылдын 26-июнундагы аныктамасы менен, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2023-жылдын 18-августундагы токтому менен күчүндө калтырылган Бишкек шаарынын Административдик сотунун 2023-жылдын 7-июнундагы чечимин аткарууда, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28,37-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 27-декабрындагы №838 токтому Бакиров Өмүрбек Мирзараимовичти Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты катары каттоо бөлүгүндө жокко чыгарылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Бакиров Өмүрбек Мирзараимовичтин күбөлүгү анык эмес деп таанылсын.

**3.** Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жөнөтүлсүн.

**5**. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У. Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 26-августу, №81***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ, ТАЛАПКЕРЛЕРДИН КАТТАЛГАН ТИЗМЕСИНЕН ЧЫГАРУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ КЕМИН, АЛАМҮДҮН, ЫСЫК-АТА, МОСКВА, ЖАЙЫЛ, БАКАЙ-АТА, ТОГУЗ-ТОРО, ТОКТОГУЛ, БАЗАР-КОРГОН ЖАНА КАРАКОЛ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош калган мандаттарды өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

- Кемин аймактык шайлоо комиссиясынын (23.08.2023-ж. №58, 59) – Чүй облусунун Кемин шаардык кеңеши боюнча;
- Аламүдүн аймактык шайлоо комиссиясынын (29.08.2023-ж. №29) – Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Ленин айылдык кеңеши боюнча;
- Ысык-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын (21.08.2023-ж. №6) – Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Люксембург айылдык кеңеши боюнча;
- Москва аймактык шайлоо комиссиясынын (22.08.2023-ж. №3) – Чүй облусунун Москва районундагы Предтеченка айылдык кеңеши боюнча;
- Жайыл аймактык шайлоо комиссиясынын (22.08.2023-ж. №21, 22) – Чүй облусунун Жайыл районундагы Сары-Коо айылдык кеңеши боюнча;
- Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын (21.08.2023-ж. №45) – Талас облусунун Бакай-Ата районундагы Шадыкан айылдык кеңеши боюнча;
- Тогуз-Торо аймактык шайлоо комиссиясынын (22.08.2023-ж. №5, 6) – Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районундагы Сары-Булуң айылдык кеңеши боюнча;
- Токтогул аймактык шайлоо комиссиясынын (11.08.2023-ж. №12, 13; 22.08.2023-ж. №14) – Жалал-Абад облусунун Токтогул районундагы Кетмен-Дөбө айылдык кеңеши боюнча;
- Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын (23.08.2023-ж. №5) – Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районундагы Базар-Коргон шаардык жана Кеңеш айылдык кеңештери боюнча;
- Каракол аймактык шайлоо комиссиясынын (28.08.2023-ж. №6, 7) – Ысык-Көл облусунун Каракол шаардык кеңеши боюнча.

Ошондой эле депутаттыкка талапкерлердин катталган тизмесинен талапкерлерди чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

- Москва аймактык шайлоо комиссиясынын (22.08.2023-ж. №3) – Чүй облусунун Москва районундагы Предтеченка айылдык кеңеши боюнча;
- Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссиясынын (11.08.2023-ж. №13) – Жалал-Абад облусунун Токтогул районундагы Кетмен-Дөбө айылдык кеңеши боюнча.

Аталган чечимдер «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине ылайык кабыл алынган.

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, «Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет».

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдеринин «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Кемин, Аламүдүн, Ысык-Ата, Москва, Жайыл, Бакай-Ата, Тогуз-Торо, Токтогул, Базар-Коргон жана Каракол аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Москва жана Токтогул аймактык шайлоо комиссияларынын талапкерлердин катталган тизмесинен талапкерлерди чыгаруу боюнча чечимдери 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3.** Кемин, Ысык-Ата, Москва, Жайыл, Тогуз-Торо, Токтогул, Базар-Коргон жана Каракол аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарды талапкерлерге жана саясий партиялардын талапкерлеринин катталган тизмесиндеги талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 3-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**4.** Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып анык эмес деп таанылсын.

**5.** Кемин, Ысык-Ата, Москва, Жайыл, Тогуз-Торо, Токтогул, Базар-Коргон жана Каракол аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 3-тиркемеге ылайык каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

**6.** Бул токтом «Эркин-Тоо» гезитасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**7.** Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

**8.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У. Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н. ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 30-августу, №83***

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2023-жылдын 30-августундагы №83 токтомунун 1-тиркемеси*

### Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын тизмеси

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А. | Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз |
|---|---|---|---|
| **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | | | |
| **Кемин району** | | | |
| 1. | Кемин шаардык | Садыбакасов Эрнис Кадырбекович (7) «Патриот Ынтымагы» депутаттык фракциясы | Кемин АШК, №58, 23.08.2023-ж. (14.08.2023-ж. – өз арызы) |
| **Аламүдүн району** | | | |
| 2. | Ленин айылдык | Досалиева Гульмира Кожомуратовна | Аламүдүн АШК, №29, 21.08.2023-ж. (12.08.2023-ж. – өз арызы) |
| **Ысык-Ата району** | | | |
| 3. | Люксембург айылдык | Молдокулова Надира Советбековна | Ысык-Ата АШК, №6, 21.08.2023-ж. (20.08.2023-ж. – өз арызы) |
| **Москва району** | | | |
| 4. | Предтеченка айылдык | Кальдашов Бакытбек Тулегенович | Москва АШК, №3, 22.08.2023-ж. (03.08.2023-ж. – өз арызы) |
| **Жайыл району** | | | |
| 5. | Сары-Коо айылдык | Кадыралиева Айнура Тойгуловна | Жайыл АШК, №21, 22.08.2023-ж. (20.08.2023-ж. – өз арызы) |
| **ТАЛАС ОБЛУСУ** | | | |
| **Бакай-Ата району** | | | |
| 6. | Шадыкан айылдык | Токкулиев Радилбек Айтбекович | Бакай-Ата АШК, №45, 21.08.2023-ж. (20.07.2023-ж. – өз арызы) |
| **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | | | |
| **Тогуз-Торо району** | | | |
| 7. | Сары-Булуң айылдык | Нуркамилов Эсентур Казакбаевич | Тогуз-Торо АШК, №5, 22.08.2023-ж. (18.08.2023-ж. – өз арызы) |
| **Токтогул району** | | | |
| 8. | Кетмен-Дөбө айылдык | Тобокел улуу Амантур | Токтогул АШК, №12, 11.08.2023-ж. (05.08.2023-ж. – өз арызы) |
| **Базар-Коргон району** | | | |
| 9. | Базар-Коргон шаардык | Абдумаликов Абдулхак Абдулсаматович (8) «Ата-Журт-Кыргызстан» депутаттык фракциясы | Базар-Коргон АШК, №5, 23.08.2023-ж. (19.08.2023-ж. – өз арызы) |
| 10. | | Жуманазаров Элдияр Жамшитович (11) «Ата-Журт-Кыргызстан» депутаттык фракциясы | Базар-Коргон АШК, №5, 23.08.2023-ж. (18.08.2023-ж. – өз арызы) |
| 11. | Кеңеш айылдык | Жумали кызы Алтынай | Базар-Коргон АШК, №6, 23.08.2023-ж. (18.08.2023-ж. – өз арызы) |
| **ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ** | | | |
| **Каракол шаары** | | | |
| 12. | Каракол шаардык | Жанышев Жениш Жанышевич (8) «Эмгек» депутаттык фракциясы | Каракол АШК, №6, 28.08.2023-ж. (04.08.2023-ж. – өз арызы) |

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2023-жылдын 30-августундагы №83 токтомунун 2-тиркемеси*

### Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин катталган тизмесинен чыгарылган талапкерлердин тизмеси

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Катталган талапкерлердин тизмесиндеги талапкердин Ф.А.А. | Тизмеден чыгаруу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз |
|---|---|---|---|
| **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | | | |
| **Москва району** | | | |
| 1. | Предтеченка айылдык | Советбек уулу Аман | Москва АШК, №3, 22.08.2023-ж. (22.04.2021-ж. – өз арызы) |
| **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | | | |
| **Токтогул району** | | | |
| 2. | Кетмен-Дөбө айылдык | Токторалиев Алмаз Бердигулович | Токтогул АШК, №13, 11.08.2023-ж. (26.05.2022-ж. – өз арызы) |
| 3. | | Атабеков Медербек Абаевич | Токтогул АШК, №13, 11.08.2023-ж. (10.08.2023-ж. – өз арызы) |

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2023-жылдын 30-августундагы №83 токтомунун 3-тиркемеси*

### Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылган талапкерлердин тизмеси

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф.А.А. | Иштеген жери, ээлеген кызматы | Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими |
|---|---|---|---|---|
| **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | | | | |
| **Кемин району** | | | | |
| 1. | Кемин шаардык | Шарипканов Аман Алмазбекович (10) «Патриот Ынтымагы» саясий партиясы | Жеке ишкер | Кемин АШК, №59, 23.08.2023-ж. |
| **Ысык-Ата району** | | | | |
| 2. | Люксембург айылдык | Кожонов Акжолтой Акылбекович | Жеке ишкер | Ысык-Ата АШК, №6, 21.08.2023-ж. |
| **Москва району** | | | | |
| 3. | Предтеченка айылдык | Омуркулов Калбек Дутанович | Пенсионер | Москва АШК, №3, 22.08.2023-ж. |
| **Жайыл району** | | | | |
| 4. | Сары-Коо айылдык | Атышканова Кумушай Насырбековна | Сары-Коо айыл өкмөтү, КК | Жайыл АШК, №22, 22.08.2023-ж. |
| **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | | | | |
| **Тогуз-Торо району** | | | | |
| 5. | Сары-Булуң айылдык | Чокморов Алтынбек Каныбекович | №9 Э.Касымалиев атындагы жалпы орто билим берүүчү орто мектебинин директору | Тогуз-Торо АШК, №6, 22.08.2023-ж. |
| **Токтогул району** | | | | |
| 6. | Кетмен-Дөбө айылдык | Садырова Венера Нурмамбетовна | Уста-Сай атындагы ФАП, медайым | Токтогул АШК, №14, 22.08.2023-ж. |
| **Базар-Коргон району** | | | | |
| 7. | Базар-Коргон шаардык | Досматов Нурали Жумалиевич (17) «Ата-Журт-Кыргызстан» саясий партиясы | Жеке ишкер | Базар-Коргон АШК, №5, 23.08.2023-ж. |
| 8. | | Кадиров Мамасали Мамажанович (23) «Ата-Журт-Кыргызстан» саясий партиясы | Жеке ишкер | Базар-Коргон АШК, №5, 23.08.2023-ж. |
| 9. | Кеңеш айылдык | Азимжан кызы Гүлсүнай | Жеке ишкер | Базар-Коргон АШК, №6, 23.08.2023-ж. |
| **ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ** | | | | |
| **Каракол шаары** | | | | |
| 10. | Каракол шаардык | Жакшылыков Эдил Рыспекович (23) «Эмгек» саясий партиясы | «Каракол райондор аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору» мекемеси, санитардык врач | Каракол АШК, №7, 28.08.2023-ж. |

УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ – КЫРГЫЗСТАНДЫ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ТИРЕГИ

www.erkin-too.kg

Кыргыз Улуттук илимдер академиясы улутубуздун сыймыгы. Мында калкыбыздын мактанычы болгон илимпоздор эмгектенип жатышат. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын (УИА) президенти, мүчө-корреспондети Абдрахматов Канатбек Ермекович биз менен болгон маектешүүсүндө УИАнын бүгүнкү күндөгү акыбалы, эртеңки күнгө карата болгон иш-пландары тууралуу айтып берди.



Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын президенти, корреспондент-мүчөсү Канатбек АБДРАХМАТОВ:

# “ӨНҮККӨН, КУБАТТУУ МАМЛЕКЕТ БОЛООРУБУЗГА ИШЕНЕМ”



**- Канатбек Ермекович, өлкөбүздүн эгемендүүлүккө ээ болгонуна 32 жылдын жүзү болду. Мына ушул жылдардын аралыгында Кыргыз Улуттук илимдер Академиясында кандай бурулуш окуялар, жетишкендиктер болгонун байкадыңыз?**

- Мына Кудай буйруса, эгемендүү мамлекет болгондугубуздун 32 жылдыгын белгилеп жатабыз. Бул дата биздин кыргыз элинин түгөнбөгөн ырыскысы, тарыхый мурасы. Өзүбүздүн гербибиз, желегибиз, жүзүбүз менен дүйнөгө таанылып, кыргыздар дүйнөлүк аренага чыктык. “Биздин улутубуздун өзүнүн жери болсо экен, көз карандысыз болсок бакыт кушу конот эле” деген канчалаган улуттар бар. Алар: "Кыргыздар бактылуу эл, эгемендүү мамлекет катары дүйнөгө таанылып жатат" деп бизге суктанып жатат. Бул бактылуу абалыбыз жалпысынан караганда эле болууда. Ал эми илим жаатында эч кандай деле жылыштар болгон жок. Тескерисинче илимди өнүктүрүүдө кыйынчылыктар көп болуп, бул маселе арткы пландарга жылып келген. Анткени, мамлекетибиздеги негизги маселе – элибиздин ынтымагын бекемдеп, стабилдүүлүктү сактоо жана бакубат жашоолорун камсыздоого багытталган эле. Ушул маселелер менен алек болуп жатып илимге деле анчалык көңүл бурулбаган боюнча кала берди. Ошондуктан, академиянын илимий деңгээли бир топ эле төмөндөп кеткен. Ал эч кимге деле жашыруун эмес. Маселен, мындан жарым жыл мурун көчөгө чыгып, ары-бери өткөн адамдардан: “Илимдер академиясынын тарыхын билесиңерби?” деп сурасаң, алардын көбү “Ушул академияда жалаң эле бекерпоздор иштешет экен. Эч ким окубаган илимдерин жазып коюп эле, мамлекет эсебинен акча алып отура беришет...” деп жооп беришчү. Чындыгын айтканда эл арасындагы ушул көз караштар дагы деле бар. Ошондуктан мага алгач: “Илимдер академиясынын президенти болуп бериңиз” деп Ак үйдөн сунушканда эле мен: “Илимдер академиясынын бүгүнкү абалы өтө оор. Кыйын кырдаалда турат. Эгерде мамлекет жетекчилери бизди колдой турган болушса анда мен ишеничиңерди актап иштеп берейин” деп сунуш-суранычымды айткам. Бүгүнкү күндө биздин Илимдер академиясына байланышкан жаңы долбоордун мыйзамы иштей баштады. 2024-жылдан тартып мамлекетибиздин илим жаатына ички дүң продукциянын эсебинен 1 пайыз акча каражаты бөлүнүп турмай болду. Кудай буйруса, бул абдан чоң демилге, чоң колдоо болот деп ишенип жатабыз. Алга карай караанды бараандуу чоң жылыш. Ушул мезгилге чейин илимге мамлекет тарабынан 0,07 пайыз акча каражаты бөлүнчү. Бул аябай эле аз акча. Маселен, биздин коңшулаш Тажикстан мамлекетинде 0,7 пайыз башкача айтканда 1 процентке жакын акча каражаты бөлүнөт. Аларды көрүп: “Биздин мамлекетте качан илим үчүн ушундай чеке жылый турган каражат бөлүнөөр экен?” деп суктанып турчубуз. Буйруса, ал күндөргө дагы жеттик.

**- Академиядагы илимпоздордун айлык акысына канааттанасызбы?**

- Жок. Илимдер академиясындагы илимпоздордун, кызматкерлердин айлык акылары 10-12 миң сомду түзөт. Шаарыбыздагы автобус, троллейбус айдаган адамдар айлык акыларын 60 миң сомго көтөрүүнү талап кылышты. Алардын талаптарын аткарбай, токтотуп коюуга мүмкүн эмес экен, айлыктарын көтөрүштү. Орто мектепти жаңыдан бүткөн эле жаштар айдоочу болуп жүрүшөт, алар жаштар, талабы заманга жараша болууда. Ал эми өмүр бою карек жыртып илимдин кандидаты, доктору болгон адамдардын айлыгы 15 миңге дагы жетпей жатат. Ошондуктан андай маянага жаштар келбейт. Дароо эле айлыгы тууралуу сурайт, угат дагы дароо коштошуп кетип калат.

Азыр биздин академияда юристтер жок. Кулактандыруу берсек, бир топ эле тажырыйбалуу юристтер келишип: “Жаш кезимден эле илимдер академиясында иштесем экен деген максаттарым болгон эле” дешип, көңүлдүү иш баштагылары келишкен. Бирок айлык акынын 10 миң сом экендигин укканда күлгөн бойдон кетишет. Айлык акысы аз жерге жаштар эч качан келишпейт. Улгайгандар болсо акырындап кетип жатышат. Азыр бизде жашы 70тен өтүп калган академиктер, мүчө-корреспонденттер иштеп жатышат. Алар деле мезгили өтүп кеткендиктен статья жазуу, китеп чыгаруу тууралуу ой, үмүтү деле жок. Ден соолугум болуп, жашап турсам экен деген тилектерин ойлоп эле, тынчтыкты самашат. Алар академияны жакшыртууга салым деле кошо алышпайт. Ошондуктан акыркы 15 жыл ичинде биздин академиянын деңгээли төмөндөп кеткен. Эми Илимдер академиясынын айланасында болуп жаткан сөздөргө качан чекит коюлат? Мамлекет жетекчилери академиянын кадыр-баркын арттыруу үчүн берген убадаларын аткарышып, каржы маселелерин чечип бергенде гана академияда зор өзгөрүүлөр болуп, жаш окумуштуулар менен биздин катарларыбыз толукталат.

**- Бирок, академия дагы өзүнүн иш билгилигин көрсөтүшү керек да...**

- Туп-туура айтасыз. Ушул жылдын башында биздин жамаатыбыз мамлекет башчыларына атайын даярдалган көлөмдүү, илимий долбоорубузду сунуш кылды. Ошол илимий долбоорду ишке ашыруу үчүн 300 млн сом бөлүнүп жатат. Эгерде ушул каражат колубузга чындап эле тийип калса, анда биз академиянын ийгиликтерин арттыруу үчүн кандай иш болбосун, кандай татаал илимдер болбосун ачылыштарды жаратууга даярбыз. “Билим алуу ийне менен кудук казгандай” деп абалтадан эле акылман ата-бабаларыбыз айтып келишкен. Ооба, бул абдан туура салыштыруу, ал эми






илимий ачылыштарды жасоо мындан дагы татаал, жоопкерчиликтүү. Илимий ачылыштарды жасап ийгиликтерге жетишүү үчүн бир өмүрдү бүтүн арнасаң дагы аздык кылаар. Ошон үчүн биз бардык бөлүмдөрүбүздү жаңы санариптик жабдуулар менен камсыздап, илимий ачылыштарды жасоо үчүн кам көрүүнү башкы маселе деп билебиз. Биздин илимий кызматкерлерге микроскоптор, техникалык аппараттар зарыл. Булар абдан чоң акча менен бааланат. Америка Кошмо Штатында Массачусетс технологиялык университетинин бюджети 5 млрд доллар экен. Бул бир өлкөнүн бюджетине барабар. Албетте, анан бюджети ушундай болсо, ар качан дүйнө жүзүндө биринчиликти алып турушат. Илимий ачылыштар болуп турмайынча дүйнө жүзү өнүкпөй тургандыгын абдан жакшы түшүнгөн өлкөлөр илимий академияларды коргоого алып, эч качан эч нерсе аяшпайт жана биринчи орунга коюп, байкоого алып турушат. Ырас, биз эми Америка өңдүү өтө өнүккөн мамлекеттерге теңтайлашпай эле коелу, бирок, мамлекетибизди ар тараптан кубаттандырып, илим-билим жагынан өнүккөн, маданиятыбыз бардык жагынан төп келген өлкө катары баалуулуктарга ээ болуусуна салымдарыбызды кошкубуз келет.

**- Илимде кайсыл тармакка артыкчылык бериш керек деп ойлойсуз?..**

- Биздин мамлекетте дары-дармектерди Россиядан ж.б. өлкөлөрдөн ташып келишет. Ал эми Кыргызстандын тоолорунда, талаа-түздөрүндө өскөн чөптөрдүн бардыгынын дарылык касиеттери абдан күчтүү. Биз ушул өз колубуздагы пайдалуу чөптөрдү туура пайдалана албай жаткандыгыбыз өтө өкүнүчтүү. Биздин академиянын алдындагы химия жана фитотехнология институту эгерде атайын каражат бөлүнсө, элибиздин ден соолугу үчүн өтө пайдалуу болгон дары-дармектерди чыгарып, дарыканаларды толтуруп койгонго бүгүн эле даяр. Буйруса, жогоруда белгилеп кеткенимдей биздин академияга 300 млн сом бөлүнүп калса, кыялыбыздагы актуалдуу маселелердин эң орчундууларын чече баштайт элек. Бул биринчиден, ал эми экинчиден биз минералдык жер семирткичтерди өзүбүздүн жергебиздеги жер катмарларынан изилдеп жасап чыккан деген тилектерибиз бар. Азыр бизде минералдык жер семирткичтерди КМШ мамлекеттеринен ташып келип, баба-дыйкандарыбызга кымбат баада сатышат. Толгон-токой жер катмарларын изилдеп, өзгөчө породадагы жер семирткичтерди жасап чыгуу мүмкүнчүлүктөрүбүз жетиштүү. Бул багытта биздин академиянын геология институтунун атайын долбоору бар. Кыргызстандын кайсы жерлеринде жер астында кандай баалуу минералдык бөлүктөр бар экендиги аларга жакшы маалым. Буйруса, бул иш башталса натыйжасы абдан жакшы болмокчу.

